## Сакура (Мугалим үчүн)

Япониянын илгерки легендасында гүлдөп турган сакураны суктанып тиктеген адамдын ден соолугу чың болот, өмүрүңдү узартат, жүз жашка чейин жашайсың деп айтылат.

Сакуранын гүлүнүн кооздугуна дүйнө жүзүндө эч бир гүл тең келе албайт деп эсептешет япондуктар. Японияда гүлдөп турган сакуранын. алдында ыр жазуу салтка айланганын бардыгыбыз эле билбейбиз. Сакура Японияда ыйык дарак катары эсептелет жана анын аурасы поэзия жаратууда таасирин тийгизет деп эсептелет.

Сакура –японияда жаштыктын, сулуулуктун символу катары бааланат. Гүлдөгөндө эч бир өсүмдүк тең келе алгыс кооз вишня дарагы.. Сакура-вишнянын эң кооз түрү. Ал эрте жазда гүлдөйт жана анын гүлдөрү агыш -ачык розовый түстө болот дагы көңүлүңдү өзүнө тартып турат. Бирок анын гүлдөрү бир жумага жетпеген убакыт гана турат.Катуу шамал же жамгыр болсо гүлдөр бир жумага да жетпей түшүп калган учурлар болот. Жаздын жакындашын Японияда сакуранын гүлдөшү менен байланыштырышат. Сакураны негизинен ыйык өсүмдүк катары урматташат. Анын мөмөсүн, жалбырактарын, гүлдөрүн айрым учурларда гана тамак -ашка пайдаланышат. Сакуранын сүрөтүн Япониянын полиция кызматкерлеринин жана аскер кызматкерлеринин гербдеринен, окуучулардын жана аскер кызматкерлеринин баш кийимдериндеги рангды көрсөткөн белгилерден көрүүгө болот.

Илгертен эле Сакуранын гүлдөгөн мезгили жаңы жылдын жаңырышы, жазгы талаа иштеринин башталышы катары бааланган. Эгер сакура абдан төгүлүп гүлдөсө, япондук дыйкандар быйыл түшүм абдан мол, берекелүү болот деп эсептешкен. Мындан сырткары сакура көзү өткөн ата-бабалардын руху жашаган жай катары эсептелет жана аны суктанып тиктөө, ата- бабалардын арбагын тынчтандырат, ыраазы кылат, гүлдөрүнө болгон урмат ата-бабаларга болгон сый – урмат деп эсептешкен. Эгер сакураны көңүлүңдү төшөп, мээримиңди төгүп карасаң сен ата-бабаларыңды урматтаганың, сакураны сүйүп тикте, ошондо сенин ата-бабаларың сага ыраазы болот, сени колдойт, сага жардам берет деп эсептешкен.

1. 1-5 саптарында япон элинин кандай түшүнүгү берилген?

А) сакуранын сулуулук маңызы
Б) көргөндөн ырахат алган мааниси
В) өмүрдүн жашоо маңызынын мааниси
Г) эл оозундагы легенданын мааниси

2. 18-28-саптарда негизги кандай ой берилген?

А) шамалдын негизги таасирин берет
Б) вишня дарагы экенин далилдеп берет
В) сакуранын табиятын сүрөттөп берет
Г) түсүн гана сүрөттөп берет

3. 50-57-саптардагы ойду 58-64-саптардагы ой-

А) кайталап турат
Б) далилдеп турат
В) жыйынтыктап турат
Г) баяндап турат

4. Сакуранын гүлдөшү менен эмнени байланыштырган?

А) жаздын сулуулугун

Б) жаздын жакындагандыгын
В) түшүмдүн мол болгондугун
Г) ата-бабалар ишенимин

5. Сакура дүркүрөп гүлдөсө, эмнеге алып келет деген ишеним пайда болгон?
А) күздө молчулук боло тургандыгын
Б) кызматкерлери үчүн жакшы боло тургандыгын
В) көп мөмө бере тургандыгын
Г) өзгөчө сулуулук тартуулай тургандыгын

6. Эмне үчүн гүлдөрүнө сый-урмат жасашкан?
А) жаңы жыл жакшы жаңырат деп эсептешкен
Б) мекендин атуулдарын сый-урмат деп эсептешкен
В) өткөн жакындарына сыйлоо деп эсептешкен
Г) гүлдөрүн сүйгөндөктөн жакшы деп эсептешкен

7. 6-15-саптарда манилүү нерсе-
А) жаңы ойду жыйынтыктоо
Б) Сакуранын коздугу берет
В) Сакуранын сулуулугуна башкаларды ишендирүү
Г) чыгармачылык шыкты жаратат

8. 6-15-саптардагы ойду 16-19-саптар -
А) далилдейт
Б) жыйынтыктайт
В)жокко чыгарат
Г) ойду улантат

9. Автор берилген тексттин мазмуну боюнча көбүнчө эмнеге жакын?
А) төгүндөөгө
Б) ой толгоого
В) сындоого
Г) баяндоого

10. Тексттин 1-5-саптарында Сакура тууралуу негизги ой -
А) түбөлүктүүлүгү жөнүндө
Б) байыркылыгы жөнүндө
В) тарыхы жөнүндө
Г) коздугу жөнүндө